Шек-күмөн жаратып турган ишти таштап, шек-күмөнү жок ишти аткар. Чынчылдык - бейкуттукту, жалган айтуу болсо, шектенүүнү алып келет

Абу Хавра Саъидий айтат: Хасан бин Алиге (Аллах алардан ыраазы болсун): Аллахтын элчисинен (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) угуп эстеп калган хадистериң барбы? - дедим. Ал: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай дегенин эстеп калгам: "Шек-күмөн жаратып турган ишти таштап, шек-күмөнү жок ишти аткар. Чынчылдык - бейкуттукту, жалган айтуу болсо, шектенүүнү алып келет".

[Сахих (ишенимдүү)] [رواه الترمذي والنسائي وأحمد]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адамга шек-күмөн жараткан сөз болсун же иш болсун аны таштоого буйруган. Мейли ага тыюу салынган болсун, мейли тыюу салынбасын, мейли арам, мейли адал болсун. Анын ордуна шек-күмөнү жок, адалдыгы, жакшылыгы анык болгонду алсын. Ошондо жүрөк тынчтанат. Ал эми шектүү нерсе жүрөктү тынчсыздандыра берет.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/4564